Жогорку Кеңеш
Кыргызской Республики

ДЕМОКРАТИЯ ҮЧҮН
ВЕСТМИНСТЕР
ФОНДУ

# Коомдук мааниге ээ маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттеринин коомдук парламенттик угууларды жана көчмө жыйындарды өткөрүүсү боюнча

# КОЛДОНМО

"Демократия үчүн Вестминстер Фонду" аркылуу берилип жаткан Британия элинин жардамы менен ушул Колдонмону чыгаруу мүмкүн болду.

**Коомдук мааниге ээ маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттеринин коомдук парламенттик угууларды жана көчмө жыйындарды өткөрүүсү боюнча Колдонмо эмне үчүн керек?**

Конституциянын талаптарына жана коомдун күтүүлөрүнө жооп берген, учурдагы чакырыктарга тез жана шайкеш жооп берүүгө жөндөмдүү болгон натыйжалуу, заманбап, туруктуу парламенттик уюмду түзүү максаты менен, 2012-жылы Жогорку Кеңеш өзүнүн өнүгүү стратегиясын кабыл алган.

Стратегия Парламенттин ишиндеги башаламандыкты болтурбоого, алгалаган кыймылды камсыз кылууга, аны сарамжалдоого, Жогорку Кеңештин түзүмүн оптималдаштырууга, анын ишиндеги ашыкча милдеттерди четтетүүгө, бирин-бири кайталоочулукту жоюуга багытталган. Стратегия Жогорку Кеңештин ишинин мурдагы тажрыйбасын талдоого, эл аралык парламенттик практикаларды иликтөөгө негизделген.

Ушул эле стратегияда Парламенттин чечүүчү органдары катары комитеттер тармактык саясатты аныктоодо дагы эле негизги субъект боло электиги көрсөтүлгөн. Жогорку Кеңештин комитеттери өздөрүнүн мыйзам долбоорлоо жана көзөмөлдөө ишин пландаштырбайт, мунун өзү аларга реформаларды натыйжалуу колдоого мүмкүнчүлүк бербейт.

Парламенттин ишмердүүлүгүндө комитеттер чоң роль ойнору белгилүү. Европа өлкөлөрүндө туруктуу комитеттер жана комиссиялар палатанын пленардык жыйындарында талкууланууучу маселелерди даярдоо боюнча негизги жүктү аркалайт жана эрежеге ылайык, алардын позициясы мыйзам чыгаруучулардын акыркы чечимин аныктайт.

Жогорку Кеңештин комитеттеринин коомдук мааниге ээ маселелер боюнча парламенттик угууларды өткөрүүсү боюнча ушул Колдонмо Жогорку Кеңештин комитеттеринин ишмердүүлүгүн талдоонун, комитеттердин ишмердүүлүгүн жакшыртуу жаатындагы эл аралык парламенттик практикаларын иликтөөнүн жана анын карамагындагы маселелерди даярдоонун сапатын жогорулатуунун негизинде иштелип чыкты.

Жогорку Кеңештин төрагасынын, комитеттердин жана фракциялардын төрагаларынын 2013-2014-жылдардагы отчетторун талдоо Жогорку Кеңеш өткөргөн парламенттик угуулардын көпчүлүгү мыйзам долбоорлорунун талкуугa жөнөтүлгөнүн көрсөтүп жатат. Мында парламенттин мыйзам чыгаруу процесси Кыргыз Республикасынын азыркы мыйзамдары менен толук жөнгө салынган. Андан сырткары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Президентинин туруктуу өкүлдөрү

иштейт, мыйзам долбоорунун иштеринин планы бар. Тилекке каршы, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамынын айрым беренелеринен башка, коомдук мааниге ээ маселелер боюнча парламенттик угууларды өткөрүүнүн аспаптары жана механизмдери азырынча ченемдик актылар менен жөнгө салына элек. Бул Кыргызстандын парламентинин органдарынын ишмердүүлүгүндө парламенттик угууларды жана көчмө жыйындарды уюштурууда алдын-ала иликтөөнүн маанилүүлүгүнө жана коомдук мааниге ээ маселелер боюнча бардык кызыкдар тараптар менен биргеликте макулдашылган сунуштарды кийин иштеп чыгуу үчүн олуттуу маселелерди жалпылоого өзгөчө көңүл бөлүнбөгөндүгүнө байланыштуу болушу мүмкүн. Аймактардагы иликтөөлөр шайлоочулардын талкууланган олуттуу маселелер боюнча толук маалымат албагандыгын жана парламенттен кайра байланыштын жоктугун көрсөттү. Жогорку Кеңештин сайтында тармактык саясат боюнча комитеттердин ишинин жыйынтыктары тууралу маалымат жок.

Көптөгөн өлкөлөрдө, анын ичинде Россия Федерациясында, парламенттик угууларды өткөрүү маселесине чоң көңүл бурулат, мисал үчүн, коомдук мааниге ээ маселелер боюнча парламенттик угууларды өткөрүү көтөрүлгөн маселени тереңирээк иликтөөгө мүмкүндүк берип гана тим болбостон, депутаттардын шайлоочулар менен карым-катышын бекемдөөгө жана парламенттин көзөмөлдөө функциясын жакшыртууга көмөк берүүчү парламенттин ишмердүүлүгүнүн үзүрлүү көрүнүштөрүнүн бири экени ар түрдүү иликтөөлөрдө белгиленет. Парламенттик угууларды сапаттуу уюштурууда ар кандай бийликтин бутактарындагы мамлекеттик органдардын үзүрлүү карым-катышы, ошондой эле жарандардын мамлекеттин иш башкармалыгына тикелей катышуусуна болгон конституциялык укугу жүзөгө ашырылат[1].

Россиялык депутаттар көптөн бери аракет кылышып, 2005-жылы өкмөттүн же айрым-бир кызмат адамдарынын кызматтан кетишине алып келген парламенттик иликтөө жүргүзүү укугуна ээ болушкандыгын белилеп кетүү керек. Мамлекеттик Дума россиялык парламенттин ыйгарым укуктарында көзөмөлдөөнүн жетишсиздигин тан алат жана палаталардын көзөмөл функцияларын өнүктүрүүнү перспективалуу багыттардын бири катары көрөт[2].

1 – КубМАУнин илимий журналы, №99(05), 2014-жыл, Федералдык жана аймактык мыйзамдардын ченемдеринде парламенттик угууларды конституциялык-укуктук бекемдөө жөнүндөгү маселеге карата, Свистунова Людмила Юрьевна, Кубань мамлекеттик агрардык университетинин кафедрасынын улук окутуучусу, Краснодар, Россия.

2 – Грызлов Б.В. Парламенттин адистештирилген органы: салыштырма талдоо.



Мындан сырткары, башка мамлекеттердин тажрыйбасы коомдук мааниге ээ парламенттик угууларды өткөрүүнүн процедуралары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнө чейин өзүнчө ченемдик актыларда мыйзамдаштырылганын далилдейт.

Жогорудагыларды эске алуу менен, Жогорку Кеңештин Регламент жана депутттык этика боюнча комитетнин демилгеси менен, Демократия үчүн Вестминстер фондунун техникалык көмөгү астында, Жогорку Кеңештин Өнүгүү стратегиясын ишке ашырууга жардам көрсөтүү максатында, ошондой эле Жогорку Кеңештин комитеттик угууларын үзүрлүү уюштуруудагы бирдиктүү практиканы, бардык кызыкдар тараптарды тартууну жана алар менен кайра байланышты камсыздоо үчүн ушул Колдонмо даярдалды.

Колдонмо Жогорку Кеңештин тармактык саясат боюнча комитеттеринин кийин аныктоо үчүн коомдук мааниге ээ маселелерди үзүрлүү талдоого, аныктоого жана өз учурунда таасир алууга көмөк көрсөтүүчү парламенттик угууларды жана комитеттердин көчмө жыйындарын уюштуруунун механизмдери жана стадиялары чагылдырылган сунуш иретиндеги документ болуп саналат. Колдонмо Жогорку Кеңештин бардык комитеттери үчүн парламенттик угууларды, көчмө жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча бирдиктүү практиканы камсыздоого кызмат кылат, ал өткөрүлгөн угуулардын үзүрлүүлүгүнүн жана натыйжалуулугунун күчөшүнө жардам берет.

Колдонмо төмөнкүдөй төрт бөлүмдөн турат: жалпы жоболор; угууларды даярдоонун тартиби; угуунун стадиясы жана Жогорку Кеңештин комитетинин чечимдерин ишке ашыруу үчүн көзөмөлдөөнү ишке ашыруунун стадиясы.

Угууларды даярдоонун стадиясында угууга алып чыгарылган маселени алдын-ала иликтөөнү милдеттүү түрдө жүргүзүү маанилүү компонент катары киргизилген. Мындай жол менен, бул компонент угуунун айкын болгон максаттарын жана предметинин олуттуулугун камсыз кылат, кызыкдар тараптардын тобун, алардын пикирлерин жана экспертизиларды алдын-ала топтоону жана талдоону аныктайт. Бул компонент комитеттин мүчөлөрүнө угунун предметин иликтөөгө жана үзүрлүү угуу өткөрүүгө ар тараптуу жана дыкат иликтөөгө мүмкүндүк берген сапаттуу маалымкатты даярдоо менен аяктайт.

Жыйынтыктоочу бөлүмдө угуулардын сунуштарын ишке ашыруу процессинин ачык-айкындуулугу, үзүрлүү коммуникация түзүүнүн жана мамлекеттик органдар менен да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен да жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен да кайра байланышты камсыз кылуучу процедуралар баяндалган.

**Коомдук мааниге ээ маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттеринин коомдук парламенттик угууларды жана көчмө жыйындарды өткөрүүсү боюнча**

# КОЛДОНМО



## МАЗМУНУ


**1. Жалпы жоболор**

1.1. Коомдук мааниге ээ маселелер боюнча парламенттик угуулардын жана көчмө жыйындардын максаттары жана жана формалары
1.2. Угууларды даярдоо жана өткөрүү принциптери

**2. Угууларды даярдоонун тартиби**

2.1. Угууларды пландаштыруу
2.2. Угуунун темасын аныктоо жана аны алдын-ала иликтөө
2.3. Алдын-ала иликтөө жүргүзүүгө кызыкдар тараптарды тартуу
2.4. Алдын-ала иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча маалымкатты даярдоо

**3. Угуулар**

3.1. Угууну пландаштыруу, кызыкдар тараптарга маалымдоо
3.2. Угууну өткөрүүнүн тартиби
3.3. Угуунун жыйынтыктары

**4. Парламенттик угуулар боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитетинин чечимдерин ишке ашыруу үчүн көзөмөл**

**5. №1 тиркеме: Коомдук мааниге ээ маселелер боюнча угууларды өткөрүүнүн сунушталган процессинин схемасы**

## 1. Жалпы жоболор

### 1.1. Коомдук мааниге ээ маселелер боюнча парламенттик угуулардын жана көчмө жыйындардын максаттары

Бул Колдонмо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Өнүгүү стратегиясын ишке ашырууга жардам көрсөтүү максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитети демилгелеген комитеттик угууларды жана көчмө жыйындарды уюштуруудагы жана өткөрүүдөгү бирдиктүү практиканы камсыздоо жана бардык кызыкдар тараптарды тартууну жана алар менен кайра байланышты камсыз кылуу үчүн ушул Колдонмо иштелип чыкты.

Колдонмо сунуш иритиндеги документ болуп саналат. Анда Жогорку Кеңештин тармактык саясат боюнча комитеттеринин кийин аныктоосу үчүн коомдук мааниге ээ маселелерге үзүрлүү талдоо жүргүзүү жана өз учурунда таасирленүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган мыйзамдардын жана чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөөнү ишке ашыруу үчүн парламенттик угууларды жана көчмө жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү механизмдери жана тартиптери чагылдырылган.

### 1.2. Угууларды даярдоо жана өткөрүү принциптери:

- угуунун предметин милдеттүү түрдө жана алдын-ала иликтөө жана бардык кызыкдар тараптарды тартуу жана алардын пикирлерин эсепке алуу;
- угуунун предметин ар тараптуу жана толук ачуу;
- угуунун предмети боюнча мыйзамдуу, негизделген чечим кабыл алуу;
- Жалпыга маалымдоо каражаттары жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин веб-сайты аркылуу угуунун жыйынтыктары тууралу коомчулукка милдеттүү түрдө маалымдоо.

## 2. Угууларды даярдоонун тартиби

### 2.1. Угууларды пландаштыруу

2.2. Угууну уюштуруу жана өткөрүү тиешелүү комитеттин бөлүмү тарабынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин башка бөлүмдөрү менен биргеликте камсыздалат.

2.3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитети өзүнүн компетенциясынын алкагында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайлоочулар менен иштөө ишмердүүлүгүн сапаттык жана сандык талдоонун; шайлоочулардан түшкөн каттардын жана даттануулардын келип түшүүсүнүн;



жана башка маалыматтардын негизинде олуттуу маселелерди аныктайт жана угууларды өткөрүү боюнча өз ишмердүүлүгүн пландаштырат.

2.4. Сессиялык жарым жылдыкта угууларды өткөрүү боюнча комитеттин ишмердүүлүгүнүн планы (мындан ары - План) Комитеттин жыйынында ачык добуш берүү жүргүзүү жолу менен бекитилет жана чечим түрүндө тариздет.

2.5. Тиешелүү комитеттин бөлүмү План бекитилгенден кийин аны үч күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин расмий сайтына жайгаштырат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин пресс-кызматы аркылуу жалпыга маалымдоо каражаттарына, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сайтынын маалыматтар базасында жайгаштырылган Жарандык коомдун уюмдарына жана эксперттерге таратат.

2.6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитети сессиялык жарым жылдык ичинде айрым олуттуу маселелер пайда болгон жагдайларда Планга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизет.

### 2.7. Угуулардын темасын аныктоо жана аны алдын-ала иликтөө

2.7.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитетинин мүчөлөрү Комитеттик планга ылайык кезектеги комитеттик угуунун темасын аныктайт жана өз жыйынында комитеттин бөлүмүнүн кызматкерлеринин катышуусунда боло турган комитеттик угуунун Техникалык Тапшырмасын талкуулайт.

2.7.2. Комитеттин угууларды өткөрүү жолу менен жооп табуу ниетиндеги конкреттүү суроолорду аныктоо Техникалык Тапшырманын максаты болуп саналат.

2.7.3. Техникалык Тапшырманын негизин талкуулаган соң, бөлүм техникалык тапшырманы иштеп чыгат, комиеттин мүчөлөрү менен аны макулдашат жана Техникалык Тапшырмада чагылдырылган маселелерди алдын-ала иликтөө боюнча иши баштайт.

2.7.4. Техникалык Тапшырманын мазмуну:

- Иликтөөнүн темасы (предмети);
- Иликтөөнүн максаттары жана милдеттери;
- Иликтенип жаткан маселелердин олуттуулугу;
- Алдын-ала иликтөөгө жаткан маселелердин чөйрөсүн аныктоо;
- Иликтөө жүргүзүүнүн мөөнөттөрү;
- Угуулардын предметин иликтөөгө тартылган субъекттердин чөйрөсү;
- Кандай жол менен бул маселени чечүү адамдардын жашоосун жакшыртат?

2.7.5. Коюлган маселелерди алдын-ала иликтөө жүргүзүү процесси өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардан жана өз алдынча башкаруу органдарынан алынган расмий маалыматтар;
- Ушул тема боюнча компетенттүү органдар мурун кабыл алган чечимдер жана аларды турмушка ашыруу боюнча көрүлгөн чаралар;
- Шайлоочулардан келип түшкөн каттарды талдоонун жүрүшүндө алынган жалпыланган маалыматтар;
- Статистикалык маалыматтар;
- Иликтенип жаткан предметтин олуттуу деп саналган жеринде (жайында) иликтенген маселенин алкагында алынган маалыматтарды талдоо;
- Кызыкдар тараптардан, анын ичинде кесиптик ассоциациялардын жана бирикмелердин пикирлерин жана экспертизаларын талдоо;
- Башка өлкөлөрдүн тажрыйбасы.

2.7.6. Алдын-ала иликтөөлөр башталгандан тартып үч күндүн ичинде тиешелүү комитеттин бөлүмү компетенттүү адамдардын сунуштарын, комментарийлерин, экспертизаларын жана корутундуларын жыйноо боюнча кулактандырууну Жогорку Кеңештин сайтына жайгаштырат, аны жалпыга маалымдоо каражаттарына берет, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин маалыматтар базасына киргизилген өкмөттүк эмес уюмдардын жана эксперттердин электрондук даректерине таратат.

Кулактандырууда төмөнкүлөр чагылдырылыш керек:

- Иликтөөнүн темасы (предмети);
- Иликтөөнүн максаттары жана милдеттери;
- Иликтенүүчү маселелердин олуттуулугу;
- Кызыкдар тараптардан талап кылынган пикирлер, сунуштар, ж.б. боюнча конкреттүү маселелер;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитетинин бөлүмүнүн дарегине кабыл алына турган сунуштарды, комментарийлерди, экспертизаларды кабыл алуу мөөнөттөрү;
- Материалдардын көлөмү (беттердин саны), форматы;
- Сунуштарды жөнөтө турган дарек;
- Кызыкдар тараптардын кулактандырууда коюлган бир же бардык маселелерге жооп берүү мүмкүнчүлүгү;
- Алардын маалыматтары кандай түрдө (Сайтта комитеттин бөлүмүндө илинет, же иликтөө үчүн депутаттарга таратылат ж.б.) колдонулары тууралу маалымат;
- Өз сунуштарын берүүчүлөр менен кайра байланыш тууралу маалымат.



## 2.8. Алдын-ала иликтөө жүргүзүүгө кызыкдар тараптарды тартуу

2.8.1. Кызыкдар тараптардын жазуу түрүндөгү сунуштарынан, комментарияларынан жана экспертизаларынан, корутундуларынан сырткары, комитеттин бөлүмү абройлуу адистерди сүйлөшүүгө чакырууга жана суроого жана/же жумушчу топторду түзүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн адамдар айткан ойлору, жыйынтыктары боюнча өз ойлорун угуунун катышуучуларына кошумча түшүндүрүп берүүсү үчүн түздөн-түз угууга чакырылышы мүмкүн.

## 2.9. Алдын-ала иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча маалымкатты даярдоо

2.9.1. Комитеттин бөлүмү техникалык тапшырманын жана жүргүзүлгөн алдын-ала иликтөөнүн негизинде комитеттин мүчөлөрү үчүн төмөнкү элементтер чагылдырылган маалымкатты даярдайт:

- Угуунун маселесинин предмети, максаты жана милдеттери;
- Кеңейтилген баяндоо (олуттуулугу, иликтөөнүн зарылдыгынын себептери);
- Ушул Колдонмонун 2.7. жана 2.8. пункттарында көрсөтүлгөн талаптарды сөзсүз түрдө эске алуу менен алдын-ала иликтөөнүн натыйжалары;
- Алдын-ала иликтөөнүн жүрүшүндө колдонулган маалымат булактарына шилтемелер;
- Иликтөөнүн жыйынтыктары жалпылаштырылган корутунду.

2.9.2. Алдын-ала иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча маалымкат мүмкүн болушунча кыска, нуска, түшүнүктүү жана конкреттүү болуш керек.

2.9.3. Маселелерди алдын-ала иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча даярдалган маалымкат жогоруда көрсөтүлгөн процедураларды эске алуу менен, комитеттин бардык мүчөлөрүнө жана бөлүмдүн жооптуу кызматкерлерине иликтенип жаткан маселеге сапаттуу талдоо жүргүзүүгө, натыйжасында комитеттин кесипкөй корутундусун кабыл алынган үзүрлүү угуу өткөрүүгө мүмкүндүк берет.

2.9.4. Алдын-ала иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча даярдалган маалымкат тиешелүү комитеттин төрагасына жана мүчөлөрүнө угуу өткөрүүдө колдонуу, ошондой эле объективдүү сунуштарды кабыл алуу үчүн берилет. Алдын-ала иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча маалымкатты жарыялоо жана таратуу маселесин коомдук угуунун катышуучуларын арасында комитеттин төрагасы чечет.

## 3. Угуу

**3.1. Угууну пландаштыруу, кызыкдар тараптарды маалымдоо**

3.1.1. Алдын-ала иликтөө бүткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитети угуунун программасын: темасын, күнүн, убагын, өткөрүлүүчү ордун, чакырылуучу адамдардын (жалпыга маалымдоо каражаттары, көз каранды эмес эксперттер, жарандык коомдун уюмдары, кызыкдар министрликтер жана өз алдынча башкаруу органдары) тизмесин аныктайт.

3.1.2. Угуу өткөрүлүүчү күнгө он калгандан кеч эмес убакта комитеттин бөлүмү маалыматты Жогорку Кеңештин сайтына жайгаштырат, аны жалпыга маалымдоо каражаттарына берет, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрүнө, кызыкдар министрликтерге, мекемелерге жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына угууну үзүрлүү уюштуруу жана анын жыйынтыктарына жетишүү, коомчулук менен карым-катышын жана кызматташууну камсыздоо үчүн жөнөтөт.

**3.2. Угууну өткөрүүнүн тартиби**

3.2.1. Угууну комитеттин төрагасы алып барат. Алып баруучу чыгып сүйлөө үчүн депутаттарга жана чакырылган адамдарга сөз берет, талкуунун тартибин сактайт, билдирүүлөр менен чыгат.

3.2.2. Угуу талкууланууучу маселенин маани-маңызы, отурумду өткөрүүнүн тартиби, чакырылган адамдардын курамы жөнүндө катышуучуларга маалымдаган төрагалык кылуучунун кириш сөзү менен башталат. Андан соң, комитеттин, фракциянын, убактылуу комиссиянын төрагасына талкууланып жаткан маселе боюнча баяндама үчүн сөз берилет.

3.2.3. Андан кийин депутаттар жана чакырылган адамдар сүйлөшөт. Чакырылган адамдар бир гана төрагалык кылуучунун уруксаты менен сүйлөйт. Угууда баяндамачылардын жана чакырылган адамдардын сөздөрүнөн кийин катышуучулардын жазуу жана оозеки түрдө суроолоруна жана ага карата жоопторго жол берилет. Угуунун катышуучуларынын кыйкырык, кол чабуулар менен чыгып сүйлөөчүлөрдүн сөзүн бөлүүгө, угуунун тартибин бузууга укугу жок. Төрагалык кылуучу тартип бузуучуларды залдан чыгарып жиберүүгө укуктуу.

3.2.4. Угуулар жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, жарандар жана алардын уюмдары үчүн ачык болот. Комитеттин бөлүмүнүн кызматкерлери төрагалык кылуучунун колу коюлчу угуунун стенограммасын жүргүзөт. Угуунун протоколу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин расмий веб-сайтында ал өткөрүлгөн күндөн баштап бир айдын ичинде жайгаштырылат.

3.2.5. Күн тартибиндеги маселелер талкууланып бүткөн соң, угуунун катышуучулары оозеки жана жазуу жүзүндө комитеттин карамагына кирбеген түрдүү маселелер боюнча депутаттарга кайрылышкан жагдайда, бөлүмдүн кызматкерлери кайрылуунун маани-маңызын, кайрылуучунун байланыш



маалыматтарын протоколдо жазып белгилөөгө жана Жогорку Кеңештин аппаратынын каттар жана жарандарды кабыл алуу бөлүмүнө же башка тиешелүү бөлүмүнө андан ары маанисине карай кароо үчүн Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктуу органына берүүгө милдеттүү.

**3.3. Угуунун жыйынтыктары**

3.3.1. Угууда катышкан депутаттардын көпчүлүк добушу менен угуунун жыйынтыгында талкууланып жаткан маселе боюнча сунуштар кабыл алынат.

3.3.2. Комитеттин бөлүмү тарабынан парламенттик угуулардын сунуштарын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин веб-сайтында өткөрүлгөн күндөн баштап 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде жайгаштырат жана басма сөздө жарыяланышы мүмкүн.

3.3.3. Комитет угуу өткөргөн күндөн баштап 10 күндөн кеч эмес убакта өзүнүн жыйынында өткөрүлгөн угуу, анын жетишкендиктери жана кемчилдиктери, анын ичинде өткөрүлгөн алдын-ала иликтөөнүн уюштуруунун жана жыйынтыктарынын маселелери боюнча талкуу өткөрөт.

3.3.4. Угуу өткөргөн күндөн баштап бир айдан кем эмес убакта Комитет милдеттүү түрдө анын сунуштарын карайт жана алар боюнча чечим кабыл алат.

3.3.5. Угуунун сунуштарын кароонун жыйынтыгы тууралу Комитеттин чечимин ал кабыл алынган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнүнүн ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин расмий веб-сайтына жайгаштырылат.

## 4. Парламенттик угуулар боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитетинин чечимдерин ишке ашыруу үчүн көзөмөл

4.1. Комитеттин чечими тиешелүү/компетенттүү мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аткаруу үчүн ал кабыл алынган күндөн баштап 5 (беш) жумуш күнүнүн ичинде жөнөтүлөт.

4.2. Компетенттүү органдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мөөнөттүн ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитетине Комитеттин чечимин жүзөгө ашыруу үчүн кабыл алынган чараларды көрсөтүү менен негиздүү жооп жиберүүгө милдеттүү.

4.3. Компетенттүү органдар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитетинин чечимдерин ишке ашыруунун жыйынтыктары тууралу маалыматты алган мезгилден баштап 3 күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин расмий веб-сайтына жайгаштырат жана кызыкдар тараптарга маалымдайт.

**№1 тиркеме. Угуу өткөрүү процессинин схемасы (Комитеттик угуу өткөрүүнүн мисалында)**

